№32 орто мектебинин жалпы ата-энелер чогулушунун протоколу

Өтүлгөн күнү: 26.02.2021-жыл

Күн тартиби:

1. Мектептин санитардык нормаларынын аткарылышы жана учурдагы мектеп мугалимдеринин, окуучулардын ден соолук абалы тууралуу маалымат берүү. Мектеп медайымы Усарова У.
2. №32 ОМ 2020-2021-окуу жылындагы онлайн, оффлайн окутуудагы окуу-тарбия иштери боюнча маалымат. Окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары Шабданбекова А.Т.
3. Ага-Хан фонду менен мектеп түзгөн проектин 3 жылдык жыйынтыгы.
   №32 ОМ директору Бектурова Г.А.
4. №32 орто мектепти өнүктүрүү фондудун отчету. Фонддун бухгалтери Айгул Кадырова.
5. Ата-энелер камкордук кеңешинин мүчөлөрүнүн түзүмүн жаңылоо, тактоо.
6. Ар түрдүү маселелер

Чыгып сүйлөгөндөр:

1. Мектептин медайымы Усарова У. төмөнкү маалыматтарды берди:
   - Мобилдик группа ачылды;
   - 17 окуучудан ПЦР анализ акысыз алынды;
   - Бүгүнкү күндө №32 ОМ ооруган окуучу, мугалим жок
   - АДСМ сайдыруудан баш тарткан ата-энелер өз колу менен түшүнүк кат жазып берүүлөрү керек;
   - 1,5,9,11-класстын окуучулары оффлайн окуп жаткандыктан ар бир окуучунун жанына антисептик жана менен камсыз кылып берүү керек;
   - Эртең менен сабакка окуучулардын температурасы текшерилип киргизилет. Ооруп жаткан окуучулар медайымдын текшерүүсүнөн кийин эгер ооруп жатса үйүнө кетирилет.
2. Окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары Шабданбекова А.Т. экинчи маселеге кеңири токтолду. Пандемияга байланыштуу окутуу онлайн режимине 8-апрель 2019-2020- окуу жылында башталган. 2020-2021-окуу жылынын 1,2- чейреги онлайн болгондуктан окуучулардын сабакка катышуусу, кайтарым байланыштагы көйгөйлүү маселелер, жетишкендиктер тууралалуу маалымат берди.
3. Кийинки маселе боюнча №32 орто мектептин директору Бектурова Г.А. баяндама жасады.

2. Окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары Шабданбекова

- Ага-хан фонду менен мектеп 3 жылдан бери иш алып бара жатканы жалпы ата-энелерге маалым. Анткени ата-энелер камкордук кенешинин мучолору менен бир нече жолу Ага-хан фондунун кызматкерлери аңгемелешүү өткөн.
- Темага ылайыктуу слайд түзүлгөн жана так маалыматтар айтылды; мектептин айланасында тосмо болбогондуктан мектептеги бирден-бир көйгөйлүү маселе. Жалпы 3 гектар жер. Ага 3 млн. 500 акча каржаты керектелет. Ага-Хан фонду болгон 3000 доллар менен ата-энелерден чогултулган акчага жыйындар залына алынган отургучтар, мектептин метод кабинетине эмерек алынды. Бардык баасы, саны көрсөтүлдү. Чогулган суммадан 19000 сом жетпей калган.
- Мектепте ачылып жаткан информатика жана англис тили кабинеттерине парта, компьютердик стол, доска керектиги маалымдалып, ата-энелерден ички жасалгага жардам көрсөтүүнү жана жогорудагы жетпей калган сумманы дагы чечип берүүнү сунуштады.

4. №32 мектептин өнүктүрүү фондунун бухгалтери Кадырова Айгул банкка которулган акча каражаттарынын суммасын жана эмерекке которулган акчанын суммасы тууралуу маалымат берди. 2019-2020-окуу жылында мектеп ичине кетирилген концтоварга 80,500 сом кеткенин айтты. Андан тышкары мектеп директору сунуштаган ачылып жаткан окуу кабинеттерге колдоо көрсөтүүнү ата-энелерге чогула турган акча 266,200 сомду 59 класска бөлүп ар бир класс 4500 сомду банкка төксө, жогорудагы карызыбызды беребиз жана кабинеттерди жабдып алмакпыз деп сунуштады.

Чыгып сүйлөгөндөр: Башталгыч класстын мугалими Эгембердиева К.М. мектепке жасаган ата-эненин ар бир жардамы балдар үчүн жана алардын келечеги үчүн экенин, көтөрүлүп жаткан проблеманы чечүү үчүн ар бир ата-эне туура көз караш менен чечим чыгарууну сунуштады.

3-Б класстын ата-энелер комитети Абулбакирова Н. сунушту колдоп, классындагы ата-энелерге туура маалымат берүү иши силерде катышып отурган ата-энелер комитеттери деди.

Чогулушка келген ата-энелер бир добуштан чечимди колдошту.

**Чечим кабыл алынды:**

1. Пандемияга карата бардык санитардык нормалардын абалын кароо иши күчөтүлсүн. Аткаруу иши мектептин медайымы У.Усаровага жүктөлсүн.
2. Онлайн, оффлайн окутуудагы окуу-тарбия иштерин көзөмөлдөө мектептин завучтарына жүктөлсүн.

3. Ага-хан фонду мененмектептин 3 жылдык проектисинин аткарган иши канааттандырарлык деп табылсын.
4. №32 ОМ өнүктүрүү фондунун бухгалтери А.Кадырованын сунушун ата-энелер бир добуштан колдоп,  чечим кабыл алышты. Мектептеги бардык 59 класстын ата-энелерине туура, так маалымат жеткирүүнү, уюшкандыкта аткарууну класстын ата-энелер комитеттерине жүктөлсүн.
5. Ата-энелер камкордук кеңешинин мүчөлөрүнүн түзүмү бекитилсин. Алар: Жусупова Разия, Исакеева Дилижан, Абулбакирова Назира, Козубекова Нурила.

Ата-энелер чогулушуна келген ата-энелер жыйындар залына коюлган эмерек абдан ыңгайлуу экенин айтып, ыраазычылык билдиришти.
Чогулуш тынч, түшүнүктүү, келишимдуу өттү. Күн тартибине коюлган бардык маселелер каралды жана чечилди.

Катчы: Мамбеталиева Н.Т.